*"Кызганыч"*

*Сөзү: Туулганбай Абдиев*

*Обону: БейшекеевСыймык*

*Көлөмүң болуп кичине,*

*Көзүмдүн батсаң ичине.*

*Көргөзбөй алып жүрмөкмүн,*

*Көңүлү бузук кишиге.*

*Карааның болуп кичине,*

*Каректин батсаң ичине.*

*Каратпайт элем өзүңдү,*

*Карашы бузук кишиге.*

*Карасаң башка кишиге,*

*Кан толо түшөт ичиме.*

*Ээликсе жүрөк булкунуп,*

*Ээболо албайм күчүнө.*

*Жанаша калсаң кичине,*

*Жалдырап карайм жүзүңө.*

*Балекет кылбасаң экен,*

*Башканын кирип түшүнө.*

*Бийлетип ойду санаамды,*

*Биликтей күйүп жанамбы.*

*Элестеп жүрүп өзүңдү,*

*Эс жинди болуп каламбы.*

*Кыйсыпыр кылдың санаамды,*

*Кыргыздан сендей табамбы.*

*Сыртыңдан жүрүп кызганып сыркоолу болуп каламбы.*

*Көлөмүң болуп кичине,*

*Көзүмдүн батсаң ичине. Көргөзбөй алып жүрмөкмүн,*

*Көңүлү бузук кишиге.*

*Айтканда күйүп айла жок,*

*Ашыктык оту кайда жок.*

*Мени сүй эгер ишенсең,*

*Мен сүйгөн менен пайда жок.*